**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**

**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**УЗУН-КЫР АЙЫЛДЫК**
**ОКРУГУНУН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**

**КЕНЕШ УЗУН-КЫРСКОГО**
**АИЛЬНОГО ОКРУГА**

---

Джер-Казар а.

# ТОКТОМ

2022-жылдын 11-февралы, № 23/V -28

**Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн 2021 жылга болгон социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жөнүндө**

Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу Н.З.Казакбаеванын "Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн 2021-жылга болгон социалдык-экономикалык өнүгүсүүнүн ишке ашыруу жөнүндөгү" билдируусун угуп жана талкуулап, отчеттук убакыт ичинде планга ылайык белгилуу иш жасалганын айылдык кеңештин депутаттары белгилешти.

Айыл өкмөтү өзүнүн ыйгарым укугунун алкагында, ишинин негизги багыттары боюнча өзгөчө экономикалык жана социалдык өнүктүрүү маселелери боюнча иштерди жургузду. Бул жүргүзүлгөн иш-чаралардын негизинде белгилуу жетишкендер байкалды. өзгөчө орунду агрардык, социалдык жана маданият секторундагы иш-чаралар, жерлерди эффективдуу пайдалануу иштери ээледи.

Бул мезгил ичинде калкты жакырчылыктан чыгаруу, калктын социалдык абалын жакшыртуу, физкультура жана спортту өнүктүрүү багытындагы программа боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөндүгүн белгилеп, Узун-Кыр айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн 2021-жылдын социалдык - экономикалык өнүгүү планын ишке ашыруу жөнүндөгү билдирүүсү эске алынсын жана аткарылган иши канааттандырарлык деп табылсын.

2. Узун-Кыр айыл екметунун башчысына, бюджеттик жана менчик формаларына карабай бардык мекемелердин башчыларына, социалдык туруктуулук жана экономикалык өнүгүү боюнча төмөнкү багыттарды негиз катары кабыл алып, иш-чаралар жүргүзүлсүн. Болгон кемчиликтерди эске алып жана аларды жоюу боюнча конкреттуу чаралар көрүлсүн.

3. 2022-жылга өлкөнүн өнүгүү стратегиясына коюлган маселелер алкагында Узун-Кыр айыл өкмөтүнун социалдык-экономикалык өнүгүнүн иш-чараларын планы иштелип чыгарылсын

4. Бул токтомдун ишке ашырылышын көзөмөлдөө-Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн мидетин аткаруучу Н.З.Казакбаевага жүктөлсүн.

Төрага Б.К.Сыйналапов